«Айтчы себебин»

Сөзү: Рыспаева Гульмира

Обону: Алиев Рамис

Сезимдердин мейкин талаасында,

Сан жетпеген жылдыз арасында.

Канат күүлөп учам, кучагыма кысам кыялымда.

Эрке желдей сызам, эргип бийик булуттарга.

Кайырма:

Көздөрүмө кумар,

Көңүлүмө тумар, издеп келемин,

Билбей себебин.

Ыйык сезимдин гүлүн теремин,

Сени келер деп, күтө беремин,

Айтчы себебин.

Сени ойлоп турам жалгыз кечте,

«Сүйөм» деген сөзүң дайым эсте.

Тагдыр бизди кошсо,

Бакыт кол созом келечекке,

Баалай турган кезим,

Бал татыган таттуу сезимимди берсе.